# Качибеков Абдулла атындагы орто мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы тарбия иштери боюнча жылдык

# Анализ.

Сентябрь айы.

Качибеков Абдулла атындагы орто мектебинде 2021-2022-окуу жылынын билим күнүнө карата салтанаттуу линейка уюштурулду.

Мектепте өзүн-өзү башкаруу уюмунун,кылмыштуулуктун алдын-алуу кеңешинин курамынын иш-планы түзүлүп,бекиттирилди.

Ата-энелер жыйналышы өткөрүлүп,ата-энелер комитети шайланды.

Кыргыз тили күнүнө карата иш-чаралар уюштурулуп,класс жетекчилер  жана ТИУ тарабынан ачык тарбиялык сааттар,салта

наттуу линейка өткөрүлдү.

Ата-энелер менен эки тараптуу келишим тузүлүп,бекитилди.

1-жарым жылдык боюнча дежурствонун графиги,класс жетекчилердин тарбиялык иш-пландары бекитилди.

Октябрь айы.

«1-Октябрь-Карылар кунүнө карата» «Карысы бардын-ырысы бар.»

темасында ачык тарбиялык сабактар өтүлдү.Концерттик программа уюштурулуп,айылдагы кары адамдарга мектеп парламенти тарабынан чакан белектер тапшырылды.

Касым Тыныстановдун 120жылдыгына карата «Улуу агартуучу-Касым Тыныстанов»-темасынын алкагында ачык тарбиялык сааттар өткөрүлдү.

«Берекелүү коңур күз»-аттуу күз майрамы 1-11-класстар арасында болуп өттү.Күз берекесин чагылдырган сүрөт сынагы уюштурулуп,чакан концерт менен коштолду.

Окуу китептеринин абалы,күндөлүктөрдүн толтурулушу мектеп парламенти тарабынан текшерилип,ТИУ тарабынан көзөмөлдөнүп жатты.

Scanner App Lite

## Ноябрь айы.

Класс кабинеттерди жасалгалоо,кышка даярдык иштери жүргүзүлдү.

«Мен спортту сүйөм»темасында жогорку класстын окуучулары арасында спорттук мелдеш дене тарбия мугалими Рахимов тарабынан уюштурулуп өткөрүлдү.

«Эң мыкты күндөлүк,эң мыкты класс,эң жакшы урунуудагы китеп»аттуу темалардагы класс аралык мелдештердин жыйынтыктары чыгарылып,мектеп администрациясы тарабынан уюштурулган чакан белектер тапшырылды.

Диний экстремизм жана терроризм коркунучтарынын алдын-алуу максатында иш-чара түзүлүп,бекитилди.

Мектеп окуучуларына иш-чаранын негизинде түшүндүрүү иштери,ачык сабактар өтүлүп жатты.

Диний экстремизмге каршы айыл тургундарына жана мектеп окуучуларына мектеп администрациясы тарабынан чогулуш өткөрүлдү.

Класс жетекчилердин тарбиялык журналдары текшерилди.

ТИУ, Соц.педагог менен биргеликте класс жетекчилер менен тегерек стол уюштурулду.

## Декабрь айы.

«Спид-коркунучтуу дарт!»темасында ачык тарбиялык сааттар,сүрөт конкурсу,дубал газеталардын конкурстары өткөрүлүп жыйынтыктары чыгарылды.

«Мыкты окуучу» сынагынын жыйынтыгы чыгарылып,грамоталар тапшырылды.

«Чыңгыз Айтматов-улут сыймыгы!»-аттуу класс аралык,жана класс ичинде ачык сабактар,»Айтматов ааламы!»темасындагы сүрөт көргөзмөлөрү,дубал газета сынагы уюштурулду.

«Бүткүл дүйнөлүк жол-унаа кырсыктарынын курмандыктарын эскерүү кунүнө» карата иш-чара уюштурулду.

Scanner App Lite

«Жолдо жүрсөң,сак бол!»,»Абайлагын,айдоочу!»,»Мен эрежени бузбаймын,сен да бузба!»темаларынын алкагында класстык ачык сааттар,видео сабактар өтүлдү.

3-декабрь-Майыптар күнү белгиленип,тиешелүү иш-чаралардын негизинде иш алып барылды.

4-декабрь-Манас күнүнө карата өтүлүүчү иш-чаралардын негизинде ачык сабактар,манас айтуу сынагы,»Улуу манасчы Сагымбай»темасындагы бурчтар уюштурулду.

Кылмыштуулук боюнча түзүлгөн иш-чаранын негизинде,сүрөт жана дубал газеталар сынагы уюштурулуп,класс ичинде ачык тарбиялык сааттар өтүлдү.

Жаңы жылга карата оюн-зооктук программа уюштурулуп,окуучуларга жана келген меймандарга майрамдык маанай тартууланды.

Балдар өспүрүмдөр уюму менен жыйналыш өткөрүлүп,парламенттин иши каралды жана жыйынтыгында канааттандыралык деп табылды.

Январь айы.

Ата-энелер менен жалпы жыйналыш өтүлүп,2-чейректин катыш-жетиш маселери талкууланды.

Кылмыштуулук боюнча иш-чаралар түзүлүп,ачык тарбиялык сааттардын,сүрөт сынактардын пландары түзүлүп,бекитилди.

«Кылмыш арты-өкүнүч»,»Кылмыштуулук деген эмне?»,»Адепсиздик арты-кылмыш!»темалардын алкагында ачык сабактар,тренингдер өтүлдү.

«Биз -суицидге каршыбыз!»темасынын алкагында класс жетекчилер тарабынан 6-11-класстын окуучуларына аңгемелешүү диспут,тренинг-сабактар өтүлдү.»Өмүр-бул баалуу белек»- аттуу тренингди соц.педагог Абдрахманова өтүп берди.

1-жарым жылдыктагы мыкты окуучулар аныкталып,жыйынтык-тары чыгарылды.

Scanner App Lite

Февраль айы.

Тартип-тазалык боюнча рейд иштери жүргүзүлүп жатты.

Автордук ырлар,Манас айтуу,сүрөтчүлөр кароо-сынагы өткөрүлүп жыйынтыктары чыгарылды.

23-Февраль-Ата Мекенди коргоо күнүнө карата дубал газеталар чыгарылды,класстык сааттар өтүлдү.» Мекеним- асыл турагым!»- темасында 6-11-класстар арасында сынак өткөрүлдү.

7-11-класстар арасында аскердик-спорттук мелдеш өткөрүлдү.

Март айы.

«Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Туу күнүнө»,жана «5-март-Ак калпак күнүнө» карата,иш-чара түзүлүп,иш-чаранын негизинде иштер алынып барылды.

«Ардагым апам!»,»Менин сүйүктүү эжейим.»-темасында сүрөт сынагы өткөрүлдү.

8-Март аялдардын эл аралык майрамына карата «Жакшы кыз-жакадагы кундуз»-аттуу сулуулар сынагы өткөрүлдү.

«Нооруз-улуттук майрамына»карата салтанаттуу линейка өтүлдү.

«Кургак учук-коркунучтуу илдет!»24-март-кургак учук оорусуна күрөшүү күнүнө карата иш-чара уюштурулду.

Апрель айы.

7-Апрель-Элдик Революция Күнүнө линейка уюштурулуп,өтүлдү.

4-8-класстар арасында «Мен жаратылышты сүйөм!»темасында жаратылыш көргөзмөсү уюштурулду.

Кыздар кеңешинин төрайымы тарабынан 6-11-класстар арасында кыздар чогулушу өткөрүлдү.

Апрель баатырларын эскерүү күнүнө спорттук мелдеш 7-11-класстар арасында дене тарбия мугалиминин уюштуруусунда болуп өттү.

Айлана-чөйрөнү жашылдандыруу иштери жүргүзүлүп жатты.

Scanner App Lite

Май айы.

«Улуу Жеңиш майрамына»карата эскерүү кечеси уюштурулуп,өткөрүлдү.

Кыргыз Республикасынын Эл артисти,кинорежиссер Г.Базаровдун 80 жылдык маарекесине карата уюштурулган иш-чаралар өтүлүп,жыйынтыкталды.

«Бүткүл Дүйнөлүк Энелер күнүнө» карата «Энелер -дүйнө түркүгү,

үйдүн куту!»аттуу майрамдык концерттик программа,ачык сабактар өтүлдү.

Өспүрүмдөр күнүнө карата «Балдар-биздин планетанын келечеги!»

аттуу жарыяланган бир айлык акциянын негизиндеги иш-чаралар өтүлүп,жыйынтыктоо иштери жүргүзүлдү.

БӨУнун жыйналышы ТИУ,Соц.педагогдордун катышуусунда өтүлүп,мектеп парламентинин иши канааттандырарлык деп табылды.

Качибеков Абдулла атындагы
орто мектебинин директору: Исламов К.

Тарбия иштерин уюштуруучу: Касымалиева З.

Scanner App Lite

Качибеков Абдулла атындагы орто мектебинин 2020-2021-окуу жылындагы тарбия иштери боюнча жылдык

## Анализ.

2020-2021-окуу жылында тарбия иштери жыл башында белгиленген планга ылайык жүргүзүлдү.

Ар бир класс жетекчи,жана өзүн-өзү башкаруу уюмунун мүчөлөрү менен ар бир айда аткарыла турган иштер талкууланып,бекитилген.

Ар ай ичинде класс жетекчилер тиешелүү тарбиялык сааттарды онлайн түрдө өтүшүп,орчундуу маселелер боюнча иш алып барышты.

Мындан тышкары:

Сентябрь айында мектеп администрациясы «Билим күнүнө»карата мектеп окуучуларын онлайн түрдө куттуктады. Класс жетекчилер ата-энелер менен группа аркылуу келишимдерди  түзүп,үйдөн окуучуларды ар тараптан колдоого алуу иши макулдашылды. Ар бир класста окуучулардын соцалдык абалы такталды.

«Кыргыз тили-мамлекеттик тил!»-жумалыгында окуучуларды тема боюнча материалдар менен онлайн тааныштырып,жооп алышты.

«Тамеки-ден-соолукка зыян»,»Насвай-мээнин деградациясы!»темаларында ,насвайдын,тамекинин зыяндуулугу боюнча видеосабактар,интернет булактарынан алынган такталган маалыматтар жөнөтүлүп,жана бул темаларга байланышкан окуучулардын ойлорун,жоопторун алышты.

Октябрь айында: «Балдардын укугу боюнча Конвенция»боюнча класстык сааттарды мугалимдер ар кандай маалымат булактарынан материал топтоп,окуучуларга жөнөтүп,кайтарым байланышта иш чаралар жүргүзүлүп жатты.Окуучуларга балдардын уктары,жана милдеттери туурасында түшүнүк берилди.

«Мугалим-мөмөлүү дарак»-темасындага класстык сааттар видеосабак аркылуу жүргүзүлдү.Окуучулар мугалимдерин онлайн түрдө жылуу куттуктоо менен каалоо-тилек,ыр белектерин тартуулашты.

«Алтын күз»-темасында окуучуларга »Күзгү көрүнүштү»чагылдыруу, сүрөт тартуу тапшырмасы берилди.

Scanner App Lite

## Ноябрь айында:

Ноябрь айынын экинчи жарымынан тартып,мектептеги окуу-тарбия процесси кадимки тартипке өтүп,кыздар кеңеши,балдар кеңеши,өзүн-өзү башкаруу уюмдарынын жыйналыштары өтүлүп турду.

Соц.педагог,ИДН,өзүн-өзү башкаруу уюмунун мүчөлөрү,класс жетекчи,ата-энелер комитети,администрация тарабынан «Үй-бүлө»,»Өспүрүм»рейддери жүргүзүлүп турду.

Башталгыч класстарда «Китеп-биздин досубуз»класстык сааттары өтүлүп,окуу китептеринин сакталышы,колдонулушу,сыртталышы текшерилди.

Ар бир жума сайын окуу китептери,күндөлүктөр,дептерлердин сакталышы текшерилип жатты.

## Декабрь айы:

Башталгыч класстарда жолдо жүрүү эрежелеринин жумалыгы болуп,ачык класстык сааттар өтүлдү.»Жолдо жүрсөн сак бол,эрежеге сак бол!»,»Абайлагын,айдоочу!»темасындагы видеосабактар көрсөтүлдү.

1-декабрь Бүткүл дүйнөлүк СПИД оорусуна каршы күрөшүү күнүнө карата 9-11-класстар арасында«Спид-коркунучтуу дарт!»темасында ачык тарбиялык сабактар,дилбаяндар сынагы өтүлдү.

12-декабрь,улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата эскерүү иш-чарасы түзүлүп,11-декабрь күнү «Чыңгыз Айтматов-Аалам алпы!»аттуу адабий кече уюштурулуп,1-11-класстарда»Кылымдын залкар жазуучусу.»темасында тарбиялык сабактар өтүлдү.Чыгармалары боюнча окуучулардын көз карашы менен тартылган сүрөт конкурсу уюштурулду.

«Жаңы Жыл-жалпы майрам»темасынынын алкагында 10-класстын окуучулары тарабынан майрамдык арноо концерти тартууланды. Жаңы жылдык майрам күндөргө карата коопсуздуктун алдын-алуу боюнча үчүн күчөтүлгөн тартиптеги нөөмөт уюштурулду.

«Тамеки жана анын кесепеттери»темасындагы ачык тарбиялык сааттар өтүлүп,7-11-класстарга түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Scanner App Lite

## Январь айы:

Мектеп боюнча жалпы жана класстык ата-энелер чогулушу болуп,2-чейректин катыш-жетиш жыйынтыгы боюнча маселелер талкууланды.

Кылмыштуулуктун алдын-алуу боюнча иш-чаранын негизинде иштер алынып барылып,окуучуларга түшүндүрүү иштери класс жетекчилер жана мектеп администрациясы тарабынан жүргүзүлдү.

«Жоголсун,диний экстремизм!»темасынын алкагында ачык сабактар,сахналаштырылган көрүнүштөр уюштурулуп,мектеп окуучуларына жана ата-энелерге тартууланды.

## Февраль айы:

Тартип-тазалык рейддери жума сайын жүргүзүлүп турду.

21- февраль-Эл аралык тил күнүн белгилөө»жөнүндө мектепте иш-чара түзүлүп,кыргыз тил мугалимдери-Токтогул уулу Бакай тарабынан доклад,Кожонова Жаңыл тарабынан «Дүйнө элдеринин ырлары»аттуу адабий кече уюштурулду.5-11-класстар арасында «Эл дөөлөтү-эне тилде!»темасындагы ачык сабактар өтүлдү.

23-Февраль- Ата Мекенди коргоо күнүнө карата 8-11-класстын окуучу балдары арасында»Эр жигит эл четинде-жоо бетинде!»аттуу сынак уюштурулду.Активдүү катышкан окуучулар грамоталар менен сыйланышты.

## Март айы:

3-Март-Туу күнүнө,жана 5-Март-Ак калпак күнүнө карата салтанаттуу линейка өтүлдү.Кыргыз элинин баалуулуктарын,мурастарын даңазалаган ырлар көркөм окулду.Туу күнүнүн келип чыгышын,ата-бабаларыбыздан калган улуу мурастарыбыздын бири-ак калпагыбыздын тарыхы тууралуу докладдар окулду.Манас айтуу,комуздун коштоосундагы ырлар менен коштолуп,майрамдык маанай тартууланды.

8-Март-Аялдардын эл аралык күнүнө карата «Аялзатына гүл тартуу кылалы!»аттуу темада,8-11-класстарга ачык тарбиялык сабактар,»Апам,апам,жана апам!»темасында 5-7-класстар арасында сүрөт сынактары уюштурулду.

Андан сырткары:24-март-«Кургак учук оорусуна каршы күрөшүү күнүнө» карата дубал газеталар чыгарылды,ачык сабактар өтүлдү.

Scanner App Lite

## Апрель айы:

»7-Апрель-Кыргызстандын кайра жаралуусу башталган күн!»темасындагы ачык сабактар,дилбаяндар конкурсу,элдик баатырлар тууралуу сүрөт сынактары уюштурулуп,өткөрүлдү.»Элдик баатырларды эскерүү»темасындагы класс аралык волейбол боюнча мелдеш уюштурулуп,9-класстын окуучулары жеңүүчү болушту.

21-апрель-Китеп күнүнө карата «Сыйкырдуу жомок дүйнөсү»аттуу,3-5-класс арасында китеп окуу боюнча сынак өткөрүлдү.китепканада бурч уюштурулуп,класс ичинде ачык сабактар өтүлдү.

«Тазалык бул-ыйман»,»Мен жаратылышты сүйөм!»-темасында ачык тарбия сабактар өтүлдү.Ар бир ишемби күндөрү мугалимдер жамааты тарабынан ишембилик уюштурулуп жатты.

## Май айы:

Улуу Жеңиш күнүнө карата «Энелер,ыйлабагыла,уулуңар тирүү биз менен!»аттуу темада класс аралык иш-чара уюштурулуп,өткөрүлдү.Улуу Ата Мекендик согуш туурасында,курман болгон баатырларга арналган эскерүү кечеси болуп өттү.Докладдар окулуп,патриоттук маанайдагы обондуу ырлар ырдалды.

2021-жылдын 25-май күнү бүтүрүүчүлөрдү «Акыркы коңгуроо»салтанаты онлайн түрүндө өткөндүгү,окуучулардын коопсуздугу боюнча алдын-алуу иштери жүргүзүлгөндүгүнө карабастан,атайын график менен мугалимдердин катышуусунда рейд иштери уюштурулду.

2021-жылдын 25-май»Акыркы коңгуроо майрамы менен мектеп администрациясы мугалимдер жамааты менен биргеликте онлайн форматта куттуктап,каалоо-тилектер айтылды.Андан сырткары ИДН кызматкери ата-энелер,класс жетекчилер менен тыгыз иш алып барып,окуучулар толук көзөмөлдө болду.Бүтүрүүчүлөр арасында жаратылышка чыгып эс алуу,кафелерде салтанаттуу кечелерди уюштуруу иштери катталган жок.

1-июнь-Балдарды коргоонун Эл аралык күнүнө карата»Балдар-биздин планетанын келечеги!»аталышындагы бир айлык акциянын алкагында «Менин алдыга койгон максатым»темасында эссе жазышат.»Балдар-биздин келечегибиз»деген темада 1-11-класстарга тарбиялык сааттар өтүлдү.

Тарбия иштерин уюштуруучу: Дыйканбаев Э.

Scanner App Lite

# Качибеков Абдулла атындагы орто мектебинде 2019-2020- окуу жылынын жылдык аткарылган иштери боюнча

## Анализ.

**3.Тарбиялык иштер.**
Тарбия иштери жыл башында белгиленген пландарга ылайык жүргүзүлдү.
Ар бир класс жетекчи менен жана өзүн-өзү башкаруу уюмунун мүчөлөрү менен ар бир айда аткарыла турган иштер талкууланып,бекитилген.
Ар бир ай ичинде ар бир класс жетекчи тарбиялык сааттарды өтүшүп,орчундуу маселелер боюнча иш алып барышты.
Окуучулардын келип-кеткени, сабакка,коомдук иштерге катышуусу, мектеп формасын кийиши ар дайым көзөмөлгө алынып турулду.
Мындан тышкары:
***Сентябрь айында*** "Билим күнүнө" карата ачык сааттар өтүлдү.Жалпы ата-энелер чогулушу болуп, үч тараптуу келишимдер түзүлүп, бекитилди. Ар бир класста окуучулардын социалдык абалы такталды.
"Кыргыз тили-мамлекеттик тил" жумалыгы өткөрүлүп,активдүү катышкан класстар жана айрым окуучулар белгиленип,грамоталар менен сыйланышты.
"Тамеки ден-соолукка зыян","Насвай" темаларында тарбиялык сааттар өтүлүп, мектеп ичинде түшүндүрүү иштери, насвайдын,тамекинин зыяндуулугу боюнча кинотасмалар көрсөтүлдү.
***Октябрь айы боюнча***:
"Балдардын укугу тууралуу конвенция" боюнча класстык сааттар өтүлдү. Мында балдардын укугу тууралуу түшүнүк берилди.
"Мугалим-мөмөлүү дарак" майрамына карата дублер күнү,майрамдык концерттер,ачык сабактар өтүлдү.
"Карылар күнүнө" карата кары адамдар менен жолугушуу өткөрүлүп,арноо концерти берилди,мектепте майрамдык концерт өткөрүлүп,класстык сааттар өтүлдү.
"Алтын күз","Күз берекеси" дасторкону жайылып,"Күзгү бал" концерттик программасы өтүлдү.
Дубал газеталар илинип,"Күзгү боектор" деп аталган көргөзмө уюшулду. Көргөзмөдө түрлүү жалбырактардан жасалган буюмдар,сүрөттөр көргөзүлдү.
***Ноябрь айында***:
«Кыргыз тамашакөй жигитимин» куудулдар конкурсу 7-11-класстар арасында өтүлүп, балдардын таланттары,ойлоп тапкычтыгы бааланды. Конкурста 10-класстын «Азамат» командасы эң жакшы даярдыктар менен келип, 1-орунга татыктуу болду.
Мындан тышкары ар бир жума сайын кыздар кеңеши,балдар кеңеши,өзүн-өзү башкаруу уюмдарынын жыйналыштары өтүлүп турду.

Scanner App Lite

Соц.педагог,ИДН,өзүн-өзү башкаруу уюмунун мүчөлөрү, класс жетекчи,ата-энелер комитети, администрация тарабынан "Үй-бүлө","Өспүрүм" рейддери жүргүзүлүп турду.
Мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга арноо концерти берилди.
Башталгыч класстарда "Китеп- биздин досубуз" класстык сааттары өтүлүп,окуу китептеринин сакталышы, колдонулушу,сырттальшы текшерилди.
Ар бир жума сайын окуу китептери, күндөлүктөр, дептерлердин сакталышы текшерилип турду.

***Декабрь айы боюнча*:**

Башталгыч класстарда жолдо жүрүү эрежелеринин жумалыгы өткөрүлүп, ачык класстык сааттар өтүлдү.5-класста "Жолдо сак бол,эрежеге так бол!"ачык тарбиялык сааты, ата-энелердин катышуусу менен 3-класста "Атам,апам жана мен" тарбиялык сааты өтүлдү.
Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата "Кыргыздын өчпөс жылдызы" аттуу жумалык өткөрүлдү.
Жумалыкта чыгармаларынан көркөм окуу,үзүндүлөрдү аткаруу конкурсу,дубал газеталар, чыгармаларынан иллюстрациялар,сүрөттөр,рефераттар,дил баяндар конкурстары өткөрүлдү.
Суицид жана кылмыштуулук боюнча ата-энелер,ФАП кызматкерлери,айылдык аялдар кеңеши,мугалимдер, окуучулардын катышуусу менен суицид жана балдар кылмыштуулугу,анын себептери жана алдын алуу боюнча ой толгоо сабагы өткөрүлдү.
"СПИД жана аны алдын алуу" темасында ФАП кызматкерлери,имам, айылдык аялдар кеңеши,мугалимдер, 8-11-класстардын окуучуларынын катышуусу менен диспут,тарбиялык сааттар өтүлдү.Айылдык аялдар кеңеши, АДК тарабынан уюштурулган конкурстарга катыша алышты.
Жаңы жылдык "Балаты" майрамы 1-8-класстарда жана 9-11-класстарда "Кышкы балл" концерттик программасы өткөрүлдү.

***Январь айында:***

Окуучулардын жүрүш-турушу, тартиби боюнча "Өзүн алып жүрүү маданияты" темасында аңгемелешүү болуп, тартиби начар балдар менен иш жүргүзүлдү.
Мед.кызматкерлери, АДК кызматкерлери менен жугуштуу оорулардын профилактикасы, алдын алуу, сактануу боюнча жолугушуулар өттү.
Ай сайын кыздар жана балдар кеңеши өтүлүп, кыздардын жүрүш-турушу, балдардын тартиби,сабак калтыруу, сабакка кечигүүлөр боюнча иштер жүргүзүлүп турду.
ИДН кызматкерлери менен бирдикте окуучулар арасында зордук-зомбулукту, рекетчиликти болтурбоо,алдын алуу максатында жолугушуулар өтүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.
Ар бир класстагы соц.жетимдер менен суйлөшүп,жашоо шарттарын иликтөө максатында үйлөрүнө рейд жүргүзүлдү.

***Февраль айында:***

Scanner App Lite

Окуучулар арасында таланттуу балдарды иликтөө максатында "Алло,биз таланттууларды издейбиз!" кароо-сынагы өткөрүлдү.
Ата Мекенди коргоо күнүнө карата Афган, Баткен согушунун ветерандары менен жолугушуу кечеси өткөрүлүп, 10-11-классынын окуучулары аскердик даярдыктары боюнча конкурс өткөрүштү.
Башталгыч класстар арасында "Мен Ата Мекенимди сүйөм!" темасында сүрөттөр конкурсу,6-8-класстар арасында "Мектеп мырзасы", 9-11-класстар арасында "Күчтүүлөр, кайраттуулар, шамдагайлар" спорттук мелдештери өткөрүлдү.

***Март айында:***

Башталгыч класстарда жолдо жүрүү эрежелери боюнча тарбия сааттары өтүлүп,балдарга жолдон өтүү, жол боюнча өзүн алып жүрүү боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү
5-март Ак калпак күнү, Кыргыз Мамлекетинин Гербинин, Туусунун күнү белгиленип, тарбия сааттары өтүлдү.
8-Март Аялдардын Эл аралык майрамына арналган апалардын катышуусунда ачык тарбиялык сааттар, 10-класстын даярдоосунун астында мугалим эжейлерге жана апаларга арналган концерттик программа, "Жакшы кыз-жакадагы кундуз" 7-11-класстар арасында сулуулар конкурсу,башталгыч класстарда жана 5-6-класстарда "Менин сүйүктүү апам" темасында сүрөттөр, автордук ырлар конкурсу өтүлдү.
"Сүйүү- жашоонун мааниси" темасында 8-11-класстар арасында кыздар кеңеши өткөрүлдү.
Жугуштуу оорулардын профилактикасы боюнча мед кызматкерлери, АДК кызматкерлери менен
Кургак учук оорусуна каршы иш чаралар өткөрүлдү.
ИДН кызматкери менен жолугушуу өтүлүп, "Кылмыш деген эмне?"темасында доклад окулду.
Мектептин ичинде жана айлана чөйрөсүндө тазалык иштери жүргүзүлдү, 11-класстын окуучулары өзүн-өзү башкаруу уюмунун демилгеси менен " Менин таза айылым" акциясы жүргүзүлүп, айыл тургундарынын алкышына ээ болушту.
"Нооруз "майрамына карата концерттик майрам уюштурулуп, кыргыздын улуттук ырлары,бийлери, каада-салттары, тамак-аштары көрсөтүлүп, мектеп окуучулары ата-энелерге майрам тартуулашты.

***Апрель айында,***

"Мектеп- жашыл бакча" акциясы өткөрүлүп, класстарда гүлдөрдүн өстүрүлүшү, жашылдандыруу,айыл өкмөтүнүн жардамы менен жаш балатыларды мектептин айланасына отургузуу иштери жүргүзүлдү.
ИДН менен бирдикте мектеп окуучуларынын арасында налог салуу, зордук зомбулукту болтурбоо максатында жолугушууларды өткөрүп,9-10-11-класстарынын окуучулары менен аңгемелешүү өттү.
"Кылмыштуулукту болтурбайбыз!" ураанынын алдында "Мыкты спорттук класс", "Эң күчтүү, шамдагай жана тез", "Мен жана менин ата-энем" маданий-массалык спорттук оюндары өткөрүлдү.

Scanner App Lite

Май айында:
Улуу Жеңиш күнүнө карата түзулгөн иш-чаранын негизинде иш алып барылды.Согуш ардагерлерин,тылда иштеген ардактуу карыларды чакырып,чакан белектер тапшырылып,концерттик программа уюштурулуп тартууланды.
Андан сырткары:ачык тарбиялык сааттар,дилбаяндар,реферат,дубал газеталар конкурстары уюштурулуп өткөрүлдү.
19-май-Отличниктер күнү өткөрүлүп,мектеп отличниктери ардак грамоталар менен сыйланды.
25-май»Акыркы коңгуроо»салтанаты уюштурулуп.өткөрүлдү.Бүтүрүүчүлөргө мектеп администрациясы жана мугалимдер жамааты тарабынан куттуктоолор,каалоо-тилектер айтылды.Мектеп парламенти жана окуучулар концерттик программа уюштуруп,майрамдык маанай тартууланды.Бүтүрүүчүлөр тарабынан жаратылышка чыгып эс алуу,кафелерге баруу сыяктуу салтанаттар болгон жок.ИДН кызматкери класс жетекчилер жана ата-энелер менен тыгыз иш алып баруусунун натыйжасында эч кандай тартип бузуу иштери катталган жок.

Жайкы каникулга карата ата-энелер менен келишимдер түзүлүп,окуучулар жайкы каникулга таратылды.

**5. Ата-энелер менен иштөө.**
Мектепте окуучулардын билим сапатынын өсүшүнө ата-энелердин мектеп менен тыгыз байланышта болуусу түздөн түз таасирин тийгизет.
Сентябрь айынан баштап жыл аягына чейин мектеп менен ата-энелердин байланышы тыгыз болуп көп иш чаралар аткарылды.
Сентябрь айында жалпы ата-энелер менен чогулуш өткөрүлүп, мектептин жетишкендиктери жана мектеп кайсы жагынан начар болуп жаткандыгы айтылды.
Окуучулардын формасы, тазалыгы,тартиби жөнүндө сөз болду.Мектепте кыздар жана балдар үчүн бирдей форма кабыл алынып,окуучуларды форма, окуу куралдары менен камсыздоо ата-энелерге милдеттендирилди. Ата-эне, мугалим,окуучу тарабынан үч тараптуу келишимдер түзүлдү.
Мектеп боюнча ата-энелер комитети түзүлүп, мүчөлөрү жана төрайымы Сейталиева Жазгүл шайланды.
Октябрь айында кылмыштуулуктун алдын алуу максатында тартиби оор, үй-бүлөдө ата-энеси башка жакка иштеп кеткен, томолой жетим балдардын үйлөрүнө рейддерди жүргүзүп, көзөмөл кылып туруу үчүн атайын комитет түзүлдү.Мектеп менен тыгыз байланышта болуу үчүн ата-энелерди катыштырган иш чаралар өтүп турары белгиленди.
Сабакка келбей, сабактан качкан окуучулардын ата-энелери менен жекече сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү.

Scanner App Lite

Класстарда ар бир ай сайын ата-энелер жыйналыштары өтүлүп, окуучулардын сабакта жетишкендиктери, кемчиликтери, тартиби жөнүндө талкуулашты.
Ар бир класста ата-энелер жыйналышы өтүлүп, балдарынын 1-чейрек боюнча билим сапаты,жыйынтыгы айтылды.
Декабрь айында:
Кылмыштуулуктун алдын алуу максатында ар бир класстын ата-энелер комитети чогулуп, окуучулар арасында налог салуу, зордук-зомбулуктун алдын алуу, болтурбоо чаралары боюнча иш чара өтүлдү.
Жаңы жылдык "Балаты" майрамына катышып балдарына белектерин берип, алар даярдаган концерттик майрамга күбө болуп кетишти.
Январь айында:
Жарым жылдык жыйынтык чыгарылып,ата-энелер комитетинин билдирүүсү болду.
Февраль айында:
Ата-энелер Ата Мекенди коргоо күнүнө арналган иш чараларга катышууга чакырылып, балдарынын өнөрлөрүнө күбө болуп кетишти.
Март айында:
8-Март аялдардын Эл аралык күнүнө арналган ачык тарбиялык сааттар энелердин катышуусу менен өткөрүлүп, энелер балдарынын өнөрлөрүнө күбө болуп, маанайлары ачылды.
Ар бир класста ата-энелер жыйналышы өтүлүп, балдардын тартиби, сабакка катышуусу, жетишүүсү боюнча класс жетекчилердин билдирүүлөрү болду.
Апрель айында:
ИДН кызматкеринин,администрациянын катышуусунда 9-класстын эркек балдарынын тартиби жөнүндө жыйналыш өткөрүлүп, ата-энелерге балдарынын тартибине үйдөн да катуу көзөмөлгө алууга милдеттендирилди.
Айыл өкмөтүнүн , мугалимдер коллективинин, ИДН кызматкерлеринин,ата-энелердин катышуусу менен мектеп окуучуларынын тартиби, балдарды тарбиялоодо ата-эненин,мугалимдердин, коомчулуктун, айлана-чөйрөнүн таасири жөнүндө ой толгоо жыйналышы өткөрүлдү.
***Август айындагы*** кеңешмеде өткөн окуу жылындагы иштелген иштерге анализ берилип,жаңы окуу жылына милдеттер кабыл алынды.

Тарбия иштерин уюштуруучу: Дыйканбаев Э.

Scanner App Lite